136

1/Т

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө

2014-жылдын 30-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

### 1-берене. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу чөйрөсү

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтарын (мындан ары - биометрикалык маалыматтар) чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана пайдалануу боюнча ишти жүзөгө ашырууда, биометрикалык маалыматтар базасын актуалдаштырууда жана коргоодо пайда болгон мамилелерди жөнгө салат.

### 2-берене. Ушул Мыйзамдын максаты жана милдети

1. Биометрикалык маалыматтарды пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын актуалдаштырылган маалыматтар базасын түзүү ушул Мыйзамдын максаты болуп саналат.

2. Ушул Мыйзам төмөнкү милдеттерди аныктайт:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен сырткары жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын сапаттык жана сандык курамын аныктоо;

2) шайлоочулардын актуалдаштырылган тизмесин түзүү;

3) жарандарды өз убагында каттоо жана идентификациялык документтерди берүү;

4) кылмыштуулук, легалдуу эмес миграция, терроризм жана адамдарды сатуу менен натыйжалуу күрөшүү;

5) калкка өз убагында жана сапаттуу кызматтарды көрсөтүү;

6) биометрикалык маалыматтар базасын пайдалануу менен инсанды максималдуу идентификациялоо.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О биометрической регистрации граждан Кыргызской Республики

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

30 июня 2014 года

### Статья 1. Сфера регулирования настоящего Закона

Настоящий Закон регулирует отношения, возникающие при осуществлении деятельности по сбору, обработке, хранению и использованию биометрических данных граждан Кыргызской Республики (далее – биометрические данные), актуализации и защите базы биометрических данных.

### Статья 2. Цель и задачи настоящего Закона

1. Целью настоящего Закона является создание актуализированной базы данных граждан Кыргызской Республики с использованием биометрических данных.

2. Настоящий Закон определяет следующие задачи:

1) определение качественного и количественного состава граждан Кыргызской Республики, проживающих на территории Кыргызской Республики и за ее пределами;

2) составление актуализированного списка избирателей;

3) своевременная регистрация граждан и выдача идентификационных документов;

4) эффективная борьба с преступностью, нелегальной миграцией, терроризмом и торговлей людьми;

5) своевременное и качественное предоставление услуг населению;

6) максимальная идентификация личности с использованием базы биометрических данных.

**3-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылган негизги түшүнүктөр**

**Биометрикалык маалыматтар** – алардын негизинде анын инсандыгын белгилөөгө болуучу биометрикалык маалыматтар субъектинин физиологиялык жана биологиялык өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн маалыматтар.

**Биометрикалык каттоо** – Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен сырткары жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтарын чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо жол-жоболору.

**Биометрикалык маалыматтар базасын кармоочу** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган.

**Биометрикалык маалыматтар базасын пайдалануучулар** – мамлекеттик жана башка органдар.

**Биометрикалык маалыматтар субъекти** – Кыргыз Республикасынын аймагында же болбосо анын чегинен сырткары жашаган Кыргыз Республикасынын жараны.

**4-берене. Биометрикалык маалыматтарды чогултуу жана пайдалануу принциптери**

Биометрикалык маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана пайдалануу төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырылат:

1) милдеттүү биометрикалык каттоо;

2) ачыктык (мамлекеттин биометрикалык маалыматтарды пайдалануусуна карата жарандардын ишенимин камсыз кылуу);

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык атайын ыйгарым укуктар берилген мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан биометрикалык жана жеке маалыматтардын мыйзамдуу пайдалануунун кепилдиктери;

4) биометрикалык маалыматтар базасын коргоо;

5) аларды чогултууда, иштеп чыгууда, сактоодо жана маалыматтык тутумдарда пайдаланууда биометрикалык маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу жана материалдык алып жүрүүчүлөргө карата талаптарды сактоо.

**5-берене. Биометрикалык каттоо тартиби**

1. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны ушул Мыйзамга ылайык биометрикалык каттоодон өтүүгө милдеттүү.

2. Биометрикалык каттоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

3. Төмөнкү биометрикалык маалыматтар милдеттүү түрдө чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого жана пайдаланууга жатат:

1) беттин санариптик графикалык сүрөтү;

2) эки колдун манжаларынын папиллярдык чиймелеринин графикалык түзүлүшү;

3) өздүк кол тамга.

4. Биометрикалык маалыматтардан тышкары, милдеттүү түрдө чогултууга, иштеп чыгууга, сактоого жана пайдаланууга төмөнкү жеке маалыматтар жатат:

1) жеке идентификациялык номери;



**Статья 3. Основные понятия, используемые в настоящем Законе**

**Биометрические данные** – данные, которые характеризуют физиологические и биологические особенности субъекта биометрических данных, на основе которых можно установить его личность.

**Биометрическая регистрация** – процедура сбора, обработки и хранения биометрических данных граждан Кыргызской Республики, проживающих на территории Кыргызской Республики и за ее пределами.

**Держатель базы биометрических данных** – государственный орган, уполномоченный Правительством Кыргызской Республики.

**Пользователи базы биометрических данных** – государственные и иные органы.

**Субъект биометрических данных** – гражданин Кыргызской Республики, проживающий на территории Кыргызской Республики либо за ее пределами.

**Статья 4. Принципы сбора и использования биометрических данных**

Сбор, обработка, хранение и использование биометрических данных осуществляются на принципах:

1) обязательной биометрической регистрации;

2) открытости (обеспечения доверия граждан к использованию государством биометрических данных);

3) гарантии законного использования биометрических и персональных данных органами государственной власти, местного самоуправления, наделенными специальными полномочиями в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

4) защиты базы биометрических данных;

5) обеспечения безопасности биометрических данных при их сборе, обработке, хранении и использовании в информационных системах и соблюдения требований к материальным носителям.

**Статья 5. Порядок биометрической регистрации**

1. Каждый гражданин Кыргызской Республики обязан пройти биометрическую регистрацию в соответствии с настоящим Законом.

2. Порядок биометрической регистрации определяется Правительством Кыргызской Республики.

3. Сбору, обработке, хранению и использованию в обязательном порядке подлежат следующие биометрические данные:

1) цифровое графическое изображение лица;

2) графическое строение папиллярных узоров пальцев обеих рук;

3) собственноручная подпись.

4. Кроме биометрических данных сбору, обработке, хранению и использованию также подлежат в обязательном порядке следующие персональные данные:

1) персональный идентификационный номер;

2) фамилиясы, аты, атасынын аты;

3) улуту;

4) паспорттун сериясы жана номери;

5) туулгандыгы жөнүндө күбөлүк (Кыргыз Республикасынын жарандынын паспортун мурда албаган адамдар үчүн);

6) жынысы;

7) туулган күнү, айы, жылы;

8) жашаган жери.

**6-берене. Биометрикалык маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар**

1. Биометрикалык маалыматтардын базасы Кыргыз Республикасынын менчиги болуп саналат.

2. Биометрикалык маалыматтар базасында камтылган биометрикалык маалыматтарды коргоо ушул Мыйзамга, жеке мүнөздөгү маалыматтар чөйрөсүндөгү, маалыматташтыруу чөйрөсүндөгү, мамлекеттик сырларды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

3. Биометрикалык маалыматтар базасынан маалыматтарды берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларында каралган учурларда жүзөгө ашырылат.

4. Аларды чогултууда, иштеп чыгууда, сактоодо жана маалыматтык тутумдарда пайдаланууда биометрикалык маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуунун тартиби, биометрикалык маалыматтарды материалдык алып жүрүүчүгө жана мындай маалыматтарды маалыматтык тутумдардан сырткары сактоо технологияларына карата талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**7-берене. Жарандардын биометрикалык маалыматтарын пайдалануу**

1. Биометрикалык маалыматтар жөнүндө маалымат алуу ушулberенeнин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык биометрикалык маалыматтар субъектинин жазуу жүзүндөгү макулдугу болгондо жүзөгө ашырылат.

2. Биометрикалык маалыматтар жөнүндө маалыматтарды алуу сот адилеттигин жана соттук актыны аткарууну жүзөгө ашырган учурларда гана, ошондой эле улуттук коопсуздук жөнүндө, терроризмге жана коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө, ыкчам издөө иши тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка учурларда, биометрикалык маалыматтар субъектинин макулдугусуз жүзөгө ашырылат.

**8-берене. Ушул Мыйзамдын жоболорун бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Ушул Мыйзамдын жоболорун бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

3

2) фамилия, имя, отчество;

3) национальность;

4) серия и номер паспорта;

5) свидетельство о рождении (для лиц, ранее не получавших паспорт гражданина Кыргызской Республики);

6) пол;

7) число, месяц, год рождения;

8) место жительства.

**Статья 6. Меры по обеспечению безопасности биометрических данных**

1. База биометрических данных является собственностью Кыргызской Республики.

2. Защита биометрических данных, содержащихся в базе биометрических данных, осуществляется в соответствии с настоящим Законом, законодательством в сфере информации персонального характера, в сфере информатизации, в сфере защиты государственных секретов и другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

3. Представление информации, сведений из базы биометрических данных осуществляется в случаях, предусмотренных законами и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

4. Порядок обеспечения безопасности биометрических данных при их сборе, обработке, хранении и использовании в информационных системах, требования к материальным носителям биометрических данных и технологиям хранения таких данных вне информационных систем определяется Правительством Кыргызской Республики.

**Статья 7. Использование биометрических данных граждан**

1. Получение информации о биометрических данных осуществляется при наличии согласия в письменной форме субъекта биометрических данных в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, за исключением случаев, предусмотренных частью 2 настоящей статьи.

2. Получение информации о биометрических данных осуществляется без согласия субъекта биометрических данных только в случаях осуществления правосудия и исполнения судебного акта, а также в случаях, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики о национальной безопасности, о противодействии терроризму и коррупции, об оперативно-розыскной деятельности и иных случаях, определяемых законодательством Кыргызской Республики.

**Статья 8. Ответственность за нарушение положений настоящего Закона**

Лица, нарушившие положения настоящего Закона, несут ответственность, установленную законодательством Кыргызской Республики.

**9-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**

Бишкек ш.
2014-жылдын 14-июлу
№ 136



**Статья 9. Вступление в силу настоящего Закона**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении 10 дней со дня официального опубликования.

2. Правительству Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А.Ш. Атамбаев**

г. Бишкек
14 июля 2014 года
№ 136